**Л. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети.**

Үстүбүздөгү 2023-жылдын июль айында Казакстан Республикасынын Л. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети «Welcome to ENU fall 2023-24» долбоору боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттерин 1 семестрден турган окууга чыкырышты. Анда биздин Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинен 9 студент ( 2 жана 3- курстар) :

1. Асаналиева Алинай
2. Бузурманова Назик
3. Дүйшөналиев Алтынбек
4. Дилдебекова Сезим
5. Карлосова Нуркыз
6. Карыбеков Кутманбек
7. Темиркулов Акылмырза
8. Таалайбекова Сабина
9. Тобокелов Ырыскелди

Барып ийгиликтүү окуп келишти.

Тактап айтанда Казакстанга окууга ар кандай документтерди топтоо менен 1 ай даярданып сентябрда окууга жолго чыгышты. Л. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети биздин студенттерди жылуу тосуп алышып, бардыгы студенттер үйүнө жайгаштырылды. Барган убакыттын 1 жумасын университет менен таанышуу үчүн уюштурулган иштерге ийгиликтүү катышып, Л. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин проректору Айтмагамбетов Думан Рамазановичтин таанышуу лекциясына башка чет элден келген студенттер менен катышышкан. Жана ошондой эле университет тарабынан уюштурулган кичи экскурсияны , университеттин музейин көрүштү.



Л. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин музейи.

Семестрден башталышы менен биздин студенттер Экономика факультетинин  Мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу кафедрасында танышуу иштери жүргүзүлүп, окуу толук башталган.Окуунун журушдө студенттер окуу менен гана алектенбестен Астана шаарын кыдыруу, ар кандай конок лекцияларга катышуу,  кафедрадагы ар кандай маданий жана  илимий иштерге активдүү катышуу менен коштолду.




Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин башкы имараты.

Ноябрь айынын биринчи жумасында ниверситетте «Менеджмент күнү» белгиленген. Бул күнгө карата уюштурулган чакан кечеде биздин студенттер өз өнөрлөрүн көрсөтүп, биргеликте хор жана эки элдин достугун даңтаган көркөм ырларын аткарышып, активдүү катышып мактоого татышкан.

Жана ошондой эле « Теңгенин 30 жылыдыгы» атуу илимий эл аралык иш чарага да биздин Темиркулов Акылмырза жана Карыбеков Кутманбек атуу студенттерибиз « Кыргыз сому» туралуу  макала жазып, активдүү катышуусунун негизинде ийгилик жаратышкан. Тактап айтанда Темиркулов Акылмырза 2- орунду, Карыбеков Кутманбек 3- орунду ээлеген.




Ушул эле жылдын 24-ноябрында биздин Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин деканы доцент Базакеева Кундузгүл жана ага окутуучу Орозалиева Мунара Казакстанга ушул эле долбоор  боюнча иш сапарга барып келишти.

Бул иш сапарда биз окутуучулар эки университеттин ортосундагы достук мамилелени чындап жана « Кош диплом» долбоорун ишке ашырты. Андан тышкары университет менен таанышуу иштери жана тажрыйба алмашуу

негизинде Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинен деканы доцент Базакеева Кундузгүл Жаманчаевна казак окутуучу жана студенттерге лекция окуду.

Студенттердин китепканасын, жатаканасын жана Астана шшаарын өзүбүздүн студенттиер мн бирге кыдырып, таанышып келди.







1 семестрден турган Казакстандагы Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин «Welcome to ENU fall 2023-24» долбоор аяктап, биздин студенттер кышкы экзамендерин ийгиликтүү тапшырып, транскриптерин алып, 28- декабрда мекенибизге ийгиликүү билим куржуну менен кайтып келишти.

Студенттер келген соң факультетибиздин студенттерине чогулуш өткөрүлүп, алып келген билим тажрыйбалары менен бөлүшүшүтү. Ишчаранын жүрүшүндө Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетибиздин деканы доцент Базакеева Кундузгүл Жаманчаевна студенттерди атайын мактоо баракчалары менен сыйлады.



Ошондой эле ушул эле жылдын 25-мартында кайрадан студенттерди билим аалмашуу максатында Өзбекстан Республикасына 2 жумалык долбоор ишке ашырылууда. Анда Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинен 10 студент Өзбекстан Республикасына баруу күтүлүүдө.